2022-жылдын 1-сентябрындагы
Пед.кеңешменин №1 протоколу менен
кабыл алынды
мектеп директору: Чортонова Н.Т

**К.Маликов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин**
**Окуучуларынын компонентүүлүгүн жана жетишкендиктерин баалоо боюнча жобо**

**1.Жалпы жоболор**

**1.1 Кабыл алынган жобо**

*КР " Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын

*Мектептин уставынын

*Мектептин ички иш тартибинин эрежелеринин негизинде жүргүзүлөт

К.Маликов атындагы орто мектебинин мугалимдери жана окуучулары кабыл алынган жободогу окуудагы жетишкендиктерин баалоо жана баа коюу боюнча талаптарын орундатууга милдеттүү.

**1.2.Кабыл алынган жободо төмөнкү аныктамалар колдонулат**

***Жетишүүнү баалоо**-бул окуучулардын алган билимдерин жана жетишүүнү ченөө үчүн колдонулуучу үзгүлтүксүз процесс.Жетишүүнүн эффективдүү баалоо,окуучуларга өз жетишкендиктери менен жетишүү деңгээлин аныктоо үчүн мүмкүнчүлүк болот,ошондой эле окуутуну ар бир окуучунун керектөөлөрүнө ылайыкташтырууга мугалимге жардам бергендиктен ийгиликтүү окутуу жана окуунун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет.

***Окуучунун алган баасы**- бул окуучулардын жетишкендиктерин стандартташтырылган ченем менен баалоо.

**2.Жетишүүнү баалоо максаттары**

*Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу

*Окуудагы жетишүүшүүнү баалоодо жана баа коюда бирдиктүү талаптарды коюу

*Окуучуларга дем берүүнү жана мотивацияны камсыз кылуу

*Жетишүүнү баалоо системасын өркүндөтүү.

*Окуучулардын өз жетишкендиктерине баа берүүгө жөндөмдүү болуп аны жакшыртуу жолдорун табуу

**2.1.Баа коюу критерийлери (Оозеки жооп берүүдо)**

Мектепте негизинен 5 баллдык система колдонулат( баштапгыч мектептин

1-класстарында баа колдонулбайт, себеби башка баалоо жүргүзүлот)

**5- "эң жакшы", 4-"жакшы",3-"канааттандырарлык" ,2-"канаттандыраарлык эмес".**

**1-"жаман" (бирок адатынча колдонулбайт)**

эгерде окуучу берилген материалды жакшы оздоштүрүп, алган билимдеринин негизинде мисал келтирип, берилген суроолорго так жооп берип, ката кетирбестен оз оюн эркин билдире алса **"5 деген баа"** коюлат

эгерде окуучу берилген материалды өздөштүрүп, тапшырмаларды аткарууда анча мынча так эместиктерди кетирип , мугалимдин кошумча суроолорунун жардамы менен айрым кетирген каталарын оңдой алса **"4 деген баа"** коюлат

эгерде эгерде окуучу мугалимдин суроосуна анча мынча жооп берип ,толук эмес түшүнүгүн көрсөтүп маселелерди мисал менен далилдей албаса, оз алдынча жооп бере албай кыйыналып мугалимдин кошумча, түрткү берген суроолору менен жооп берсе , **"3 деген баа"** коюлат

эгерде окуучунун берилген материал билбей аныктамаларды туура айтып бере албаса, милдеттүү түрдө берилген окуу программасын өздөштүрбосо **"2 деген баа"** коюлат

**2.2.Баа коюу критерийлери ( жазуу иштери үчүн)**

Окуучу аталган предметтин жаатында кызыкчылыгы бар болуп, материалды жакшы кабыл алып алган билиминин негизинде тапшырмаларды толук катасыз аткарып ,алган билимин кенири колдоно алса **"5 деген баа"** коюлат.

Окуучу материалды жакшы кабыл алып алган билиминин негизинде тапшырмаларды аткарууда үч төрт ката кетирсе **"4 деген баа"** коюлат.

Окуучу алган билиминин негизинде башка дэңгээлге отүүго жетиштүү, бирок тапшырмаларды аткарууда коп ката кетирип.мугалимдин оңдосу менен иштеген иштерге **"3 деген баа"**

Окуучу материалды кабыл албаса билиминде коп кемчиликтер болсо берилген тапшырманы аткара албаса **"2 деген баа"** коюлат

**2.3.Жетишкендиктерди баалоонун жыйынтыктары**

*Сабак берүүнүн жана окутуунун өнүгүүсүн багыттоого жардам берүүчү негиз болуп кызмат кылат

*мугалимдер жана окуучулардын ылайыктуу ролдору жана милдеттери түшүнүктүү шартты түзүүгө жардам берет

*окуучулар өзүлөрүнүн жетишүүсүно озүлөрү жоопкерчиликти алып окуу процессине активдүү катышат.

**3.Баа коюнун тартиби.**

*Сабака катышкан балдардын баарына баа коюлат ( зачет тапшырууда,текшерүү,лабораториялык,практикалык иш ,тесттик тапшырма аткарууда.Окуучу мугалим койгон бааны албай коёо албайт,бирок коюлган бааны жоюуга укукту.

*Эгерде окуучу текшерүү иш жазган күнү сабакка катышпаса ага келбегендиги үчүн баа коюлбайт.жана ага башка күнү жекече тапшырма берилип ошол күнгө баасы коюлат.

* дилбаян сочинениелер,грамматикалык тапшырмалы бар жат жазуулар эки баа менен бааланат.

*эгерде окуучу- "канаттандыраарлык эмес" 2 деген баа алса ага берилген тема боюнча өз алдынча иштөөгө үй тапшырма берилип, андан кийин мугалимдин алдында окшош тапшырманы аткаргандан кийин канааттандырарлык баа коюлат.

* Мугалим окуучулардын алган бааларын класстык журналга коюга тийиш оозеки сабактарында сабак болгон күнү,текшерүү иштердин бааларын кийинки сабакка чейин, 3-5 баракка жазылган текшерүү иш, дилбаяндардын бааларын жаздыргандан кийин 5 күн аралыгында

*Чейректик ,жарым жылдык баалар үчтөн кем эмес баасы болгондо чыгарылат ( эгерде сабак бир жумада бир жолу болсо)

* чейректик баасы белгиленген мөөнөттүн орточо арифметикалык баасы болуп чыгарылат.Чейректик бааны чыгарууда текшерүү иштердин баасы чечүүчү ролду аткарат.

*Чейректик,жарым жылдык,жылдык баалар белгиленген окуу мөөнөтүнүн бүтүшүнө 3 күн калганда коюлат.

* коюлган жыйынтык баа менен макул эмес болсо,окуучу анын ата энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү ) администрацияга кайрылууга укугу бар.Эгерде окуучунун кайрылуусу туура деп табылса окуучуга текшерүү ишти кайрадан жазууга мүмкүнчүлүк берилет жана алган баасы жыйынтык баа деп эсептелип журналга коюлат.

**4.Көзөмөл жана жоопкерчилик**

*Мугалим окуучунун алган жана өздөштүргөн билими үчүн объективдүү койгон баа үчүн жободогу коюлган талаптарга ылайык жоопкерчиликтүү.

* Мектеп администрациясы мугалимдердин объективдүү баа коюшун жана баалоо ишмердүүлүгүн бекитилген тартипте көзөмөлгө алат.